КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ
ЖАНА ИЛИМ МИНИСТИРЛИГИ

ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

ГУМАНИТРАДЫК – ПЕДАГОГИКАЛЫК КОЛЛЕДЖ

"Бекитемин"
ОшМУнун ректору,
профессор К.Исаков
_______________ 2017

# ОРТО КЕСИПТИК БИЛИМ БЕРҮҮНҮН

# НЕГИЗГИ КЕСИПТИК БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫ

**Адистиги: 050704** – Мектепке чейинки билим берүү
**Квалификациясы** – Мектепке чейинки билим берүү уюмдарынын тарбиячысы

**Окуунун түрү: күндүзгү**

**2017-2018 окуу жылы**

Ош- 2017

## МАЗМУНУ


| | | |
|---|---|---|
| **1** | **Жалпы жоболор** | 3 |
| **1.1.** | **050704 - Мектепке чейинки билим берүү адистигинин НКББП иштеп чыгуу үчүн нормативдик документтер** | 3 |
| **1.2.** | Жалпы жоболор | 3 |
| **1.3.** | Программада кездешүүчү терминдер жана кыскартуулар | 3 |
| **2.** | **Программага жалпы мүнөздөмө** | 4 |
| **2.1.** | НКББПны пайдалануучулар | 4 |
| **2.2.** | НКББПга жалпы мүнөздөмө | 4 |
| 2.3. | НКББПны өздөштүрүүнүн максаттары | 4 |
| 2.4. | НКББПны күтүлүүчү натыйжалары | 5 |
| 2.5. | НКББПнын максаттары жана күтүлүүчү натыйжаларынын дал келүү матрицалары | 5 |
| 2.6. | Бүтүрүүчүлөрдүн жалпы жана кесиптик компетенциялары | 6-7 |
| 2.7. | НКББПнын компетенцияларынын матрицасы | 8-9 |
| 2.8. | Окутуунун натыйжалары менен компетенциялардын дал келүүсү | 10 |
| 2.9. | МЧБ боюнча НКББПны өздөштүрүү мөөнөтү | 11 |
| 2.10. | НКББПны өздөштүрүүнүн эмгек сыйымдуулугу | 11 |
| 2.11. | МЧББ адистигинин бүтүрүүчүлөрүнүн эмгек рыногундагы керектөөлөрүнө анализ | 11 |
| 2.12. | Эмгек рыногу жана негизги иш берүүчүлөр менен байланыштар | 11 |
| 2.13. | Абитируенттерге коюлуучу талаптар | 11 |
| **3.** | **Бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишмердүүлүгүнө мүнөздөмө** | 11 |
| 3.1. | Бүтүрүүчүнүн кесипти колдонуу тармагы | 11 |
| 3.2. | Бүтүрүүчүнүн кесиптик ишмердүүлүгүнүн чөйрөсү | 11 |
| 3.3. | Бүтүрүүчүнүн кесиптик ишмердүүлүгүнүн негизиги түрлөрү | 11-12 |
| 3.4. | Бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишмердүүлүгүнүн милдеттери | 12-13 |
| 3.5. | Бүтүрүүчүлөрдүн билимин улантуу мүмкүнчүлүктөрү | 13 |
| 3.6. | МЧББ адистиги боюнча КББНПны ишке ашырууга карата жалпы талаптар. | 13-14 |
| **4** | **НКББП боюнча окуу процессинин мазмунун жана уюштурууну жөнгө салуучу документтер** | 15 |
| 4.1 | Окуу планы, жуумшчу окуу планы | 15-17 |
| 4.2. | Окуу процессинин календардык жадыбалы (семестровка) | 17 |
| 4.3. | Окуу дициплиналарынын аннотациялары | 18- |
| 4.4. | Практикалардын түрлөрү боюнча программалар жана алардын аннотациялары | 19-20 |
| 4.5. | Мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациянын программасы жана анын аннотациясы | |
| 4.6. | Баалоо каражаттарынын фонду жана алардын методикалык материалдары | |

# 1.Жалпы жоболор

Ош мамлекеттик университетинин гуманитардык-педагогикалык колледжинин кесиптик орто билим берүүнүн 050704 – Мектепке чейинки билим берүү адистиги боюнча кесиптик негизги билим берүүнүн программасы (КНКББП) Кыргыз Республикасынын билим берүү боюнча ченемдик-укуктук актыларына ылайык Кыргыз билим берүү академиясында иштелип чыккан “Кесиптик орто билим берүү боюнча мектепке чейинки билим берүүнүн мамлекеттик стандартынын” негизинде Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн билим берүү жаатында аныктаган тартиптеги башка ченемдик укуктук актыларына, Ош мамлекеттик университетинин өндүрүштүк, педагогикалык практикаларын өткөрүү боюнча жоболоруна (ОшМУ, 2016), Ош мамлекеттик университетинде мамлекеттик аттестацияны уюштуруу жөнүндө жобого (ОшМУ, 2016) ылайык иштелип чыкты.

**1.1. НКББПны иштеп чыгууда төмөндөгү нормативдик документтер жетектөөгө алынды.**

- Кыргыз Республикасынын “Билим берүү жөнүндө” мыйзамы;
- Кыргыз Республикасынын “Мектепке чейинки билим берүү жөнүндөгү” мыйзамы;
- Кыргыз Республикасынын “Мектепке чейинки тарбия жана балдарды кароо боюнча” Мамлекеттик стандарты;
- Кыргыз Республикасынын кесиптик орто билим берүү боюнча мектепке чейинки билим берүүнүн мамлекеттик стандарты.
- Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министирлигинин нормативдик-методикалык документтери.
- ОшМУнун Уставы.

Мектепке чейинки билим берүү боюнча НКББП колледждин методикалык кеңешинин өткөрүлгөн жыйындарында талкууланып, каралган.

НКББП окутуунун максатын, күтүлүүчү натыйжаларын, мазмунун, билим берүү процессин ишке ашыруунун шарттарын жана технологияларын, көрсөтүлгөн багыт боюнча бүтүрүүчүнү даярдоонун сапатын баалоону жөнгө салат.

НКББП өзүнүн ичине төмөнкүлөрдү камтыйт:

**1.** жалпы жоболорун

**2.** максаттарын;

**3.** окутуудан күтүлүүчү натыйжаларды;

**4.** окуу планын;

**5.** жумушчу окуу планын;

**6.** программанын компетенциялар картасын;

**7.** окуу планындагы дисциплиналардын программасынын аннотациясын;

8. практикалардын программасынын аннотациясын;
9. мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестацияга карата талаптар.

### 1.3. Программада кездешүүчү терминдер жана кыскартуулар

**МБС** – Мамлекеттик билим берүү стандарт;
**МЧБ** - Мектепке чейинки билим берүү;
**ОКББ** – Орто кесиптик билим берүү;
**КНКББП** – Кесиптик негизги билим берүү программасы;
**ОМК** – Окуу методикалык комплекс;
**ЖК** – Жалпы компетенциялар;
**КК** – Кесиптик компетенциялар;
**ДК** – Кошумча компетенциялар.
**М** – Максаттары;
**ОН** – Окутуунун натыйжалары;
*Кафедралардын аталыштары:*
**ОКББ ТМ** – орто кесиптик билим берүүнүн теориясы жана методикасы;
**ОКББ ПП** – орто кесиптик билим берүүнүн педагогикасы жана психологиясы;
**ОКББ КС** – орто кесиптик билим берүүнүн коомдук илимдер жана социалдык иштер;
**ТАОТМ** – тилдерди жана адабиятты окутуунун теориясы жана методикасы;

## 2. ПРОГРАММАГА ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨ

### 2.1. ОКББ НКББПны пайдалануучулар:

- Мектепке чейинки билим берүү уюмдарынын тарбиячыларын Кыргыз Республикасынын билим берүү системасынын учурдагы суроо-талаптарына ылайык даярдоону жүргүзүп жаткан орто кесиптик билим берүү мекемелеринин жетекчилери жана кызматкерлери;
- Тийиштүү кесиптик иш чөйрөсүндөгү адистердин жана иш берүүчүлөрдүн бирикмелери;
- Бүтүрүүчүлөрдүн даярдык сапатын баалоону жүргүзүүчү мамлекеттик аттестациялык комиссиялар;
- Кыргыз Республикасынын билим берүү чөйрөсүндөгү аткаруу бийлигинин борбордук мамлекеттик органынын тапшыруусу боюнча негизги билим берүү программаларын иштеп чыгууну камсыз кылуучу окуу-усулдук бирикмелер жана кеңештер.

### 2.2. НКББПга жалпы мүнөздөмө

Адистикти өздөштүрүү формасы:

- күндүзгү.

Адистикти өздөштүрүүнүн ченемдик мөөнөтү:

- жалпы орто билим берүү базасында - 1 жыл 10ай;
- негизги билим берүүнүн базасында - 2 жыл 10 ай.

## 2.3. Программанын максаттары.

**1-максат.** *М*амлекеттик жана расмий тилдерде эркин сүйлөгөн; эмгек рыногунда атаандаштыкка туруштук бере алган; мектепке чейинки билим берүү системасы боюнча укуктук – нормативдик чен-өлчөмдөрдү билген, кесиптештер жана социалдык өнөктөштөр менен кызматташууга жөндөмдүү компетенттүү адистерди даярдоо.

**2-максат.** Мектепке чейинки курактагы балдардын ишмердүүлүктөрүн инсанга багытталган окутуу системасынын талаптарына ылайык пландаштыруу менен уюштура алган, илимий-изилдөө жана практикалык билимдерге ээ болгон, окутуунун заманбап технологияларын колдоно алган компетенттүү тарбиячыларды даярдоо.

**3-максат.** Мектепке чейинки курактагы балдарды өнүктүрүү, окутуу жана тарбиялоонун программаларына ылайык коопсуз өнүктүрүү чөйрөлөрүн максаттуу уюштура билген, балдардын өнүгүү областтарын аныктай алган жана алардын жетишкендиктерин баалоо менен мониторинг жүргүзүүгө жөндөмдүү адистерди даярдоо.

## 2.4. НКББПнын күтүлүүчү натыйжалары.

| № | Күтүлүүчү натыйжалар | Компетен -циялар |
|---|---|---|
| М -1 **ОН-1** | Болочок кесибинин социалдык маанисин түшүнөт, мамлекеттик жана расмий тилдерде өзүнүн оюн оозеки жана жазуу түрүндө аргументтүү ачык-айкын билдирет; сын пикирлерди туура түшүнүү менен ар кандай конфликттик кырдаалдарда чечим кабыл алуу жөндөмүнө ээ болот. | ЖК-1.<br>ЖК-2.<br>ЖК-3.<br>ЖК-15 |
| М -1 **ОН-2** | Педагогикалык этиканы кармануу менен педагогикалык процесске катышкан бардык кызматкерлер, ата-энелер жана коомчулук менен бирдикте баланын мазмундуу жашоосу үчүн группанын иштерин уюштурууну, пландаштырууну жана башкарууну билет. | ЖК-8<br>ЖК-9;<br>КК-9;<br>ЖК-13;<br>КК-10 |
| М -1 **ОН-3** | Бала бакчадагы (группадагы) педагогикалык процестерди уюштурууну жана башкарууну билим берүү жөнүндөгү укуктук-нормативдик документтердин негизинде жүргүзө алат; мыйзам чегинде сындоого жана сындалууга жөндөмдүү | КК-1<br>КК-6 |

| | | |
|---|---|---|
| М-2<br>**ОН-4** | Мектепке чейинки билим берүү боюнча кесиптик маселелерди өз алдынча аныктап, чече алат; окутуунун жаңы педагогикалык жана маалыматтык технологияларын колдонууу менен методикалык материалдарды иштеп чыгууга жөндөмдүү. | ЖК-4<br>ЖК-7<br>ЖК-12<br>КК-14 |
| М-2<br>**ОН-5** | Мектепке чейинки курактагы балдарга билим берүү процессинин максатын, принциптерин, формаларын, методдорун жана каражаттарын талдоо менен балдардын ишмердүүлүктөрүн уюшура алат,<br>иштин натыйжалуулугун жана сапатын баалоо менен чечим кабыл ала алат. | ЖК-10<br>КК-3<br>КК-11 |
| М-2<br>**ОН-6** | Мектепке чейинки курактагы балдардын окуу, оюн ж.б. ишмердүүлүктөрүн уюштурууда алардын курактык жана жеке психологиялык өзгөчөлүктөрүнө байкоо жүргүзүү менен анализдөөнү жана алынган маалыматтарды эске алууну өздөштүрөт. | КК-4<br>КК-8<br>КК-15<br>ДК-1 |
| М-3<br>**Он-7** | Мектепке чейинки курактагы балдарды окутууда балдардын өмүрүн коргоо жана коопсуздук маселелери боюнча инструктивдик иш кагаздарын колдоно билет; балдар менен иш алып барууда алардын анатомиялык-физиологиялык өзгөчөлүктөрүн эске алат; санитардык-гигиеналык эрежелерди аткара билет. | ЖК-14<br>КК-2<br>КК-5 |
| М-3<br>**ОН-8** | Педагогикалык процессти максаттуу пландаштырууну жана уюштурууну билет; иштин натыйжалуулугун баалоо менен түрдүү кырдаалдарда чечим кабыл алат; балдардын өнүгүү областтары боюнча мониторинг жүргүзүү аркылуу иш чараларды иштеп чыгууга жана аткарууга жөндөмдүү; | ЖК-5<br>ЖК-6<br>КК-7<br>ДК-2 |
| М-3<br>**ОН-9** | Мектепке чейинки курактагы балдар менен иштөөдө группада предметтик (коопсуз) өнүктүрүүчү чөйрөнү түзө алат; дайыма өз билимин өркүндөтүүгө аркылуу түрдүү методикалык материалдарды иштеп чыгууга жөндөмдүү; | ЖК-11<br>КК-12<br>КК-14 |

## 2.5. НКББПнын максаттары жана күтүлүүчү натыйжаларынын дал келүү матрицалары

| **Күтүлүүчү натыйжалар** | **М-1.** | **М-2.** | **М-3.** | **М-4.** |
|---|---|---|---|---|
| **ОН-1** | + | | + | |
| **ОН-2** | + | + | | |
| **ОН-3** | + | + | | |
| **ОН-4** | + | | | + |
| **ОН-5** | + | | | + |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| **ОН-6** | + | | + | |
| **ОН-7** | | | | |

**2.6. Бүтүрүүчүлөрдүн жалпы жана кесиптик компетенциялары.**

**2.6.1. МЧББ боюнча НКББПны өздөштүргөн бүтүрүүчү төмөнкүдөй жалпы компетенцияларга (ЖК) ээ болууга тийиш:**

1. Мамлекеттик тилдеги жазуу жана оозеки коммуникация (ЖК-1);
2. Расмий жана чет тилдерди билүү (ЖК-2);
3. Болочок кесибинин социалдык маанисин түшүнүү (ЖК-3);
4. Кесиптик маселелерди аныктоо жана чечүү (ЖК-4);
5. Иштин натыйжалуулугун жана сапатын баалоо, адаттан тыш кырдаалдарда чечим кабыл алуу (ЖК-5);
6. Анализдөөгө жана синтездөөгө жөндөмдүүлүк (ЖК-6);
7. Компьютерде иштөө билгичтиги (ЖК-7);
8. Командада иштөө, кесиптештери менен жана социалдык өнөктөштөр менен карым-катышта болуу, конфликттик кырдаалдарды жеңилдетүү (ЖК-8);
9. Инсан аралык мамилелердин көндүмдөрү (ЖК-9);
10. Максат коюу, окуучулардын ишмердигин мотивдештирүү, окуучулардын ишин уюштуруу жана көзөмөлдөө, окутуунун сапаты үчүн жоопкерчиликти өзүнө алуу (ЖК-10);
11. Тынымсыз үйрөнүүгө даярдык (кесиптик жана инсандык өнүгүү) (ЖК-11);
12. Окутуунун жаңы методдорун жана технологияларын колдонуу билгичтиги (ЖК-12);
13. Педагогикалык этиканы кармануу билгичтиги (ЖК-13);
14. Балдардын өмүрүн жана ден соолугун сактоону камсыз кылуу билгичтиги (ЖК-14);
15. Сындоого жана сындалууга жөндөмдүүлүк (ЖК-15).

**2.6.2. МЧББ боюнча НКББПны өздөштүргөн бүтүрүүчү төмөнкүдөй кесиптик компетенцияларга (КК) ээ болууга тийиш:**

1. Балдардын укуктары жана чоң адамдардын балдарга карата милдеттери жөнүндө негизги документтерди билүү (Балдардын укуктары жөнүндө Конвенция; Адамдын укуктары жана негизги эркиндиктери жөнүндө Эл аралык конвенция; Кыргыз Республикасынын Конституциясы; «Билим берүү жөнүндө» мыйзам) (КК-1).

2. Кыргыз Республикасынын билим берүү мамлекеттик стандартын, «Мектепке чейинки билим берүү жана балдарды багуу» стандарты жана башка баланын өмүрүн жана ден соолугун коргоо, анын өмүрүн коопсуздугун камсыз кылуу ыкмалары маселелери боюнча инструктивдик документтерди билүү (КК-2).

3. Мектепке чейинки курактагы балдарды окутуунун жана тарбиялоонун максаттарын, милдеттерин, мазмунун, принциптерин, формаларын, методдорун жана каражаттарын, балдардын ишмердигинин ар кыл түрлөрүн өнүктүрүү методикаларын билүү; балдарды педагог ишмердиктин кайсы түрлөрүнө үйрөтсө, ошол түрлөр боюнча билгичтиктерге ээ болуу (КК-3).

4. Адам психологиясынын негиздерин жана мектепке чейинки курактагы балдардын психологиялык өзгөчөлүктөрүн билүү (КК-4).

5. Мектепке чейинки баланын анатомиясынын, физиологиясынын өзгөчөлүктөрүн жана санитардык-гигиеналык шарттарды камсыз кылуу боюнча талаптарды билүү (КК-5).

6. Мектепке чейинки мекемени уюштуруунун жана аны башкаруунун негиздерин билүү (КК-6).

7. Мектепке чейинки балдардын өнүгүүсүнүн жетишилген деңгээлин, тарбиясын жана окутулгандыгын анализдөөнүн жана баалоонун негизинде бүтүндүктүү педагогикалык процессти долбоорлоо, пландаштыруу жана ишке ашыруу билгичтиги (КК-7).

8. Балдардын мазмундуу жашоосун уюштуруу; алардын ишмердигинин негизги түрлөрүн башкаруу, бала менен мамиле түзүү; байкоолордун негизинде баланын инсандыгын иликтөө, анын кыйынчылыктарын табуу жана көмөк көрсөтүү билгичтиги (КК-8).

9. Ата-энелер менен педагогикалык түшүндүрүү иштерин жүргүзүү билгичтиги (КК-9).

10. Мектепке чейинки мекеменин тарбиялык-билим берүүлүк процесске катышкан башка кызматкерлери (музыкалык жетекчи, дефектолог, психолог, медициналык кызматкер) менен карым-катыш түзүү билгичтиги (КК-10).

**2.6.3. Билим берүү процессинин методикалык жабдылышы**:

1. Окуу-методикалык документация менен иштөө (КК-11);
2. Кабинетте предметтик-өнүктүрүүчү чөйрөнү түзүү (КК-12);
3. Жаңы окутуу технологияларын колдонуу (КК-13);
4. Методикалык материалдарды иштеп чыгуу (КК-14);
5. Изилдөөчүлүк ишмердикке жөндөмдүүлүк (КК-15).

**2.6.4. Окуу жай тарабынан сунушталган кошумча компетенциялар**

ДК -1. Психодиагностикалык иштерди алып баруу көндүмдөрү;

ДК -2. Өзгөчө муктаждыгы бар балдар менен иштөө жөндөмү;

Жогоруда сунушталган кошумча комптенециялар (ДК-1, ДК-2) бүгүнкү күндөгү мектепке чейинки курактагы балдардын арасындагы кекечтик, начар угуучулук, начар көрүүчүлүк, психикалык өнүгүүдөн артта калуучулук, гиперактивдүүлүк сыяктуу өзгөчө муктаждыгы бар балдардын жалпы билим берүүчү мекемелерде кароо зарылдыгына байланыштуу жана кызыктар тараптар менен болгон жолугушуулардын, алардан алынган анкеталардын

негизинде келип чыкты. Ага байланыштуу логопедия предмети адистиктин жумушчу окуу планына ЖОЖдук компоненте каралып, вариативдик бөлүккө кошулду.

### 2.6.5 Бүтүрүүчүлөрдүн жалпы жана кесиптик компетенциялары.

| № | Компетенциялардын түшүндүрмөсү | Компетенциялар |
|---|---|---|
| | **Жалпы комепетенциялар** | |
| 1. | Мамлекеттик тилдеги жазуу жана оозеки коммуникация | ЖК-1 |
| 2. | Расмий жана чет тилдерди билүү | ЖК-2 |
| 3. | Болочок кесибинин социалдык маанисин түшүнүү | ЖК-3 |
| 4. | Кесиптик маселелерди аныктоо жана чечүү | ЖК-4 |
| 5. | Иштин натыйжалуулугун жана сапатын баалоо, адаттан тыш кырдаалдарда чечим кабыл алуу | ЖК-5 |
| 6. | Анализдөөгө жана синтездөөгө жөндөмдүүлүк | ЖК-6 |
| 7. | Компьютерде иштөө билгичтиги | ЖК-7 |
| 8. | Командада иштөө, кесиптештери менен жана социалдык өнөктөштөр менен карым-катышта болуу, конфликттик кырдаалдарды жеңилдетүү | ЖК-8 |
| 9. | Инсан аралык мамилелердин көндүмдөрү | ЖК-9 |
| 10. | Максат коюу, окуучулардын ишмердигин мотивдештирүү, балдардын ишин уюштуруу жана көзөмөлдөө, окутуунун сапаты үчүн жоопкерчиликти өзүнө алуу | ЖК-10 |
| 11. | Тынымсыз үйрөнүүгө даярдык (кесиптик жана инсандык өнүгүү) | ЖК-11 |
| 12. | Окутуунун жаңы методдорун жана технологияларын колдонуу билгичтиги | ЖК-12 |
| 13. | Педагогикалык этиканы кармануу билгичтиги | ЖК-13 |
| 14. | Балдардын өмүрүн жана ден соолугун сактоону камсыз кылуу билгичтиги | ЖК-14 |
| 15. | Сындоого жана сындалууга жөндөмдүүлүк | ЖК-15 |
| | **Кесиптик компетенциялар** | |
| 16. | Балдардын укуктары жана чоң адамдардын балдарга карата милдеттери жөнүндө негизги документтерди билүү (Балдардын укуктары жөнүндө Конвенция; Адамдын укуктары жана негизги эркиндиктери жөнүндө Эл аралык конвенция; Кыргыз Республикасынын Конституциясы; «Билим берүү жөнүндө» мыйзам) | КК-1 |
| 17. | Кыргыз Республикасынын билим берүү мамлекеттик стандартын, «Мектепке чейинки билим берүү жана балдарды багуу» жана башка баланын өмүрүн жана ден соолугун коргоо, анын өмүрүн коопсуздугун камсыз кылуу ыкмалары маселелери боюнча инструктивдик | КК-2 |

| | | |
|---|---|---|
| | документтерди билүү | |
| 18. | Мектепке чейинки курактагы балдарды окутуунун жана тарбиялоонун максаттарын, милдеттерин, мазмунун, принциптерин, формаларын, методдорун жана каражаттарын, балдардын ишмердигинин ар кыл түрлөрүн өнүктүрүү методикаларын билүү; балдарды педагог ишмердиктин кайсы түрлөрүнө үйрөтсө, ошол түрлөр боюнча билгичтиктерге ээ болуу | КК-3 |
| 19. | Адам психологиясынын негиздерин жана мектепке чейинки курактагы балдардын психологиялык өзгөчөлүктөрүн билүү | КК-4 |
| 20. | Мектепке чейинки баланын анатомиясынын, физиологиясынын өзгөчөлүктөрүн жана санитардык-гигиеналык шарттарды камсыз кылуу боюнча талаптарды билүү | КК-5 |
| 21. | Мектепке чейинки мекемени уюштуруунун жана аны башкаруунун негиздерин билүү | КК-6 |
| 22. | Мектепке чейинки балдардын өнүгүүсүнүн жетишилген деңгээлин, тарбиясын жана окутулгандыгын анализдөөнүн жана баалоонун негизинде бүтүндүктүү педагогикалык процессти долбоорлоо, пландаштыруу жана ишке ашыруу билгичтиги | КК-7 |
| 23. | Балдардын мазмундуу жашоосун уюштуруу; алардын ишмердигинин негизги түрлөрүн башкаруу, бала менен мамиле түзүү; байкоолордун негизинде баланын инсандыгын иликтөө, анын кыйынчылыктарын табуу жана көмөк көрсөтүү билгичтиги | КК-8 |
| 24. | Ата-энелер менен педагогикалык түшүндүрүү иштерин жүргүзүү билгичтиги | КК-9 |
| 25. | Мектепке чейинки мекеменин тарбиялык-билим берүүлүк процесске катышкан башка кызматкерлери (музыкалык жетекчи, дефектолог, психолог, медициналык кызматкер) менен карым-катыш түзүү билгичтиги | КК-10 |
| | **Методикалык компетенциялар** | |
| 26. | Окуу-методикалык документация менен иштөө | КК-11 |
| 27. | Кабинетте предметтик-өнүктүрүүчү чөйрөнү түзүү | КК-12 |
| 28. | Жаңы окутуу технологияларын колдонуу | КК-13 |
| 29. | Методикалык материалдарды иштеп чыгуу | КК-14 |
| 30. | Изилдөөчүлүк ишмердикке жөндөмдүүлүк | КК-15 |
| **Окуу жай тарабынан сунушталган кошумча компетенциялар** | | |
| 31. | Психодиагностикалык иштерди алып баруу көндүмдөрү | ДК-1 |
| 32. | Өзгөчө муктаждыгы бар балдар менен иштөө жөндөмү; | ДК-2 |

**2.7. Кесиптик орто билим берүүнүн 050704 –мектепке чейинки билим берүү адистиги боюнча**

**НКББПнын компетенциялар матрицасы**

| | Компетен-циялар | | Жалпы компетенциялар | | | | | | | | | | | | | | | Кесиптик компетенциялар | | | | | | | | | | Методикалык жабдылышы | | | | | Кошумча компет. | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| № | Коддору Дисциплина | Кредит | ЖК-1 | ЖК-2 | ЖК-3 | ЖК-4 | ЖК-5 | ЖК-6 | ЖК-7 | ЖК-8 | ЖК-9 | ЖК-10 | ЖК-11 | ЖК-12 | ЖК-13 | ЖК-14 | ЖК-15 | КК-1 | КК-2 | КК-3 | КК- 4 | КК- 5 | КК-6 | КК-7 | КК-8 | КК-9 | КК-10 | КК-11 | КК-12 | КК-13 | КК-14 | КК-15 | ДК-1 | ДК-2 |
| Б.1.1 | Професс. кыргыз тили | | Ж | Ж | | Ж | | | | О | | О | | О | | | | | | Ж | | | | Ж | | | | | | | | | | |
| Б.1.2 | Професс. орус тили | | Ж | Ж | | Ж | | | | | | | | | | | | | Ж | | | | | Ж | | | | | | | | | | |
| Б.1.3 | Професс. чет тили | | О | О | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| Б.1.4 | Кыргызстан тарыхы | | Ж | Ж | Ж | Ж | Ж | | | О | | | | | О | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| Б.1.5 | Философия | | Ж | | | | | | | О | | | | | | | Ж | О | | | | | | О | | | | | | | | | | |
| Б.1.6 | Манас таануу | | Ж | | | | | | | | | | Ж | | | | | | | | | | | | | | | | | | | Ж | | |
| ВК1. 1 | Дене тарбия | | | | Ж | Ж | Ж | | | Ж | | | Ж | | | | | | | | | Ж | | | | | | Ж | | | | | | |
| Б.2.1 | Професс. математика | | | Ж | Ж | Ж | | Ж | | | | | | | | | | | | Ж | | | | Ж | | | | | Ж | Ж | Ж | | | |
| Б.2.2 | Информатика | | | | | | | | Ж | | | | Ж | Ж | | | | | | | | | | | | | | О | | О | | | | |
| Б.2.3 | Экологиянын негиздери | | | | | | | Ж | | | | | Ж | Ж | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| ВК.2. 1 | МЧББ информ. технологилары | | | | | | | | Ж | | | | Ж | | | | | | | | | | | | | | | О | | О | | О | | |
| ВК.3. 2 | Экол. тарб. методикасы | | Ж | | Ж | | | | | | | О | | | | | | | | | | | | | | | | О | Ж | О | О | О | | |
| Б.3.1 | М.ч. педагогика | | | | | | | | | | | Ж | | Ж | | | | | Ж | Ж | | | | | О | о | О | | | | | | | |
| Б.3.2 | Балдар психологиясы | | | | | О | Ж | | | Ж | Ж | | | | | | Ж | | | Ж | | | | | О | | | | | | | | | |

| № Коддору | Дисциплина | Кредит | ЖК-1 | ЖК-2 | ЖК-3 | ЖК-4 | ЖК-5 | ЖК-6 | ЖК-7 | ЖК-8 | ЖК-9 | ЖК-10 | ЖК-11 | ЖК-12 | ЖК-13 | ЖК-14 | ЖК-15 | КК-1 | КК-2 | КК-3 | КК- 4 | КК- 5 | КК-6 | КК-7 | КК-8 | КК-9 | КК-10 | КК-11 | КК-12 | КК-13 | КК-14 | КК-15 | ДК-1 | ДК-2 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Б.3.3 | Пед.чеберчил. негиздери | | | | | | | | | Ж | О | | Ж | Ж | Ж | | Ж | | | О | | | | | | | | | О | О | | | | |
| Б.3.4 | Атайын педаг. атайын пс. негиздери | | | | Ж | | | | | | | | | | | | | | | | | | | Ж | О | | | О | | | | | Ж | Ж |
| Б.3.5 | Курак анатом. физ. и гигиена | | | | | | | Ж | | | | | | | | Ж | | Ж | | | Ж | Ж | | | | | | | | | | | О | О |
| Б.3.6 | Өмүр коопсуздугу | | | | Ж | Ж | Ж | | | Ж | | | | | | Ж | | Ж | Ж | | Ж | Ж | | | | | | | | | | | О | О |
| Б.3.7 | Балдар адабияты. | | Ж | Ж | | | | | | | | | | | | | | | | Ж | | | | О | | Ж | | Ж | Ж | Ж | Ж | | | |
| Б.3.8 | Ритмика, дүйн. көркөм мадан. | | | | | | | | | | | | | | | | | Ж | | | | | | О | | | Ж | | | Ж | | Ж | | |
| Б.3.9 | ИЗО окуг. методикасы. | | | | Ж | | | | Ж | | | | Ж | Ж | | Ж | | | | Ж | | | | | Ж | | | | Ж | Ж | | | | |
| Б.3.11 | М.ч.б. матем. үйрөт. метод. | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | Ж | Ж | Ж | О | Ж | О | | |
| Б.3.12 | М.ч.б. дене тарб. теор. жана метод. | | | | | Ж | | | | Ж | | | | | | Ж | | | | Ж | | Ж | | | | | Ж | О | Ж | О | О | О | | |
| Б.3.13 | М.ч.б. музык. теор. мет. | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | Ж | Ж | О | О | О | О | | |
| Б.3.14 | Көркөм, кол эмгег. практик | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | Ж | О | Ж | О | | |
| ВК.3.1 | Логопедия | | О | О | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | О | | О | | Ж | Ж |
| ВК.3.4 | МЧТ.уюшт. башкаруу | | | | | | | | | О | О | | | | | О | | Ж | Ж | | | | Ж | | | | | Ж | | | | | | |
| ВК.3.3 | Балд.кебин өстүр.метод. | | Ж | Ж | | | | | | | | | | | | | | | | Ж | | | | Ж | Ж | Ж | Ж | | Ж | Ж | Ж | | | |
| ГК.8 | Окуу практика | | | | | | | | | | Ж | | Ж | | | | | Ж | Ж | | Ж | Ж | | | Ж | Ж | Ж | | | | | Ж | | |
| ГК.9 | Мам. практика | | Ж | Ж | | Ж | | Ж | | | | Ж | | | Ж | | | | | Ж | | | Ж | Ж | Ж | Ж | Ж | Ж | Ж | Ж | Ж | Ж | Ж | Ж |

**2.8. Кесиптик орто билим берүүнүн 050704 –мектепке чейинки билим берүү адистиги боюнча окутуунун натыйжалары менен предметтер боюнча компетенциялардын дал келүүсү**

| Дисциплиналар / Окутуунун натыйжасы | Професс. кыргыз тили | Професс.орус тили орус тили | Професс. чет тили | Кыргызстан тарыхы | Философия | Манас таануу | Дене тарбия | Професс. математика | Информатика | Экологиянын негиздери | МЧББ информ. технологилары | Экол. тарб. методикасы | М.ч.. педагогика | Балдар психологиясы | Пед.чеберчил. негиздери | Атайын педаг. атайын пс. Нег. | Курак анат.физ.гигиенасы | Өмүр коопсуздугу | Балдар адабияты | Ритмика, дүйн.көрк.мад | ИЗО окут. методикасы | М.ч.б. матем. үйрөт. метод | М.ч.б. дене тарб. теор.,метод | М.ч.б. музык. теор. мет. | Көркөм, кол эмгег. практик | Логопедия | МЧТ.уюшт. башкаруу | Балд.кебин өстүр.метод | Окуу практика | Мам. практика |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **ОН-1-** ЖК-1. ЖК-2. ЖК-3. ЖК-15 | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| **ОН-2 -** ЖК-8 ЖК-9 ЖК-13; КК-10 | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| **ОН-3 -** КК-1. КК-6 | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| **ОН-4-** ЖК-4. ЖК-7 .ЖК-12 КК-14 | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| **ОН-5 -** ЖК-10. КК-3. КК-11 | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| **ОН-6 -** КК-4 КК-8 КК-15 ДК-1 | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| **ОН-7 -** ЖК-14. КК-2. КК-5 | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| **ОН-8-** ЖК-5 .ЖК-6. КК-7. ДК-2 | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| **ОН-9 -**ЖК-11. КК-12. КК-14 | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |

**2.9. МЧБ боюнча НКББПны өздөштүрүү мөөнөтү**

Адистикти өздөштүрүүнүн ченемдик мөөнөтү:

- жалпы орто билим берүү базасында - 1 жыл 10ай;
- негизги билим берүүнүн базасында - 2 жыл 10 ай.

**2.10. НКББПны өздөштүрүүнүн эмгек сыйымдуулугу**

- орто жалпы билим берүүнүн базасында 120 зачеттук бирдик;
- негизги билим берүү базасында 120 зачеттук бирдик.

**2.11. МЧББ адистигинин бүтүрүүчүлөрүнүн эмгек рыногундагы керектөөлөрүнө анализ**

Бүгүнкү күндө Кыргызстандын мектепке чейинки билим берүү мекемелеринде атайын кесипке ээ болгон адистер жокко эсе. МЧББ адистигинин бүтүрүүчүлөрүнүн эмгек рыногундагы керектөөлөрүн иликтөө максатында Ош шарындагы жана Ош, Жалал-Абад областарындагы мектепке чейинки билим берүү уюмдарынын жетекчилери менен жолугушуулар, тегерек столдор жана семинарларды уюштуруп, атайын сурамжылоонун натыйжасында МЧББ адистери бала бакчаларда 20-30%ды түзөөрү белгилүү болду.

**2.12. Эмгек рыногу жана негизги иш берүүчүлөр менен байланыштар**

Колледж иш берүүчүлөр менен тыгыз байланыш түзүп, практикаларды уюштуруу, жетектөө жана жыйынтыгын чыгаруу боюнча биргелешип иш алып барат. МЧББ боюнча НКББП, ОМКларды иш берүүчүлөрдүн сунуш-пикирлери эске алынат.

**2.13. Абитируенттерге коюлуучу талаптар**

Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министирлигинин нормативдик-методикалык документтеринин жана ОшМУнун окуу жайга кабыл алуу жоболоруна ылайык абитуриент тандап алган адистик боюнча алдын ала түзүлгөн тесттик суроолордун негизинде сынак тапшырат. Сынактын жыйынтыгы менен алган баллдардын негизинде окууга кабыл алынат. Абитурент окууга тапшыруу үчүн төмөндөгү документтердин бирөөсүн алып келүүсү керек:

- орто билими жөнүндө аттестат;
- негизги жалпы билими жөнүндө күбөлүк.

**3. МЧББ адистиги боюнча бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишмердүүлүгүнө мүнөздөмө**.

**3.1. Бүтүрүүчүнүн кесипти колдонуу тармагы:**

- мектепке чейинки билим берүү программасын ишке ашыруу процессинде мектепке чейинки курактагы балдарды окутуу жана тарбиялоо ишмердиги.

**3.2. Бутүрүүчүнүн кесиптик ишмердүүлүгүнүн чөйрөсү:**
бүтүрүүчү ар түрдүү типтеги мектепке чейинки билим берүү мекемелеринде мектепке чейинки курактагы балдардын тарбиячысы катарында иштөөгө, ошондой эле үй шартында мектепке чейинки курактагы балдарды тарбиялоого даярдалат.

**3.3. Бутүрүүчүнүн кесиптик ишмердүүлүгүнүн негизиги түрлөрү:**

**1. Тарбиячылык – билим берүүчүлүк ишмердүүлүгү:**

- мектепке чейинки мекемелердин билим берүү программаларына ылайык педагогикалык процессти ага катышкан бардык адистер менен бирге уюштуруу;
- наристенин ийгиликтүү өнүгүшүнүн шарты катары предметтик–өнүктүрүүчү педагогикалык чөйрөнү түзүү;
- балдардын мазмундуу жашоосун уюштуруу жана алардын ишмердүүлүгүнүн ар кыл түрлөрүн (оюн, окуу, таанып билүү, көркөм өнөр, дене тарбия, сүйлөшүү, турмуш-тиричиликтик, эмгек ж.б.) жетектөө;
- баланын психо-физиологиялык өнүгүүсүн, үйрөнүү жана тарбия алуу деңгээлин талдоо, анын инсандык сапаттарын калыптандырууну долбоорлоонун негизинде балдар менен иштөөдөгү инсанга багытталган окутууну ишке ашыруу;
- балдардын өмүрүн жана ден соолугун коргоону камсыз кылуучу окутууну ишке ашыруу;
- өзгөгчө муктаждыгы бар балдар менен коррекциялык иштерди алып баруу.

**2. Окуу-методикалык иштер:**

- билим берүү программаларын, окуу–методикалык адабияттарды пайдалануужана
үйрөнүүнүн негизинде тарбиялык-билим берүүчүлүк иштерди пландаштыруу;
- алдынкы тажрыйбаларды окуп үйрөнүү менен окутуунун заманбап
технологияларын өздөштүрүү;
- курчап турган дүйнө жөнүндө маалыматтарды балдардын жаш жана жекече
өзгөчөлүгүнө ылайык жеткиликтүү формага өзгөртүү;
- балдардын жетишкендиктерине мониторинг жүргүзүү менен жетишилген
натыйжалардын негизинде окуу-тарбия ишмердүүлүгүн долбоорлоо;
- психодиагностикалык иштерди алып баруу;

**3. Социалдык –педагогикалык иштер:**

- **баланын мектепке чейинки мекемеге а**даптация болуусу, башка балдар жана чоңдор менен мамиле түзө билүүсү үчүн жагымдуу жагдайларды түзүү;
- ата-энелер менен алар үчүн маанилүү болгон мектепке чейинки жана үй-бүлөөлүк педагогиканын, балдар психологиясынын жана мектепке чейинки курактагы балдарды тарбиялоонун методикасынын жол-жоболорун түшүндүрүү боюнча иш алып баруу, зарыл болгон учурда ата-энелерге педагогикалык-психологиялык кеңештерди берүү;
- балдарды социалдык дүйнө (коом) менен тааныштыруу, алардын кызыкчылыктарын жана укуктарын коргоо;
- үй-бүлө жана коомчулук менен кызматташуу, аларды бала бакчанын окуу-тарбия ишмердүүлүгүнө тартуу;

**3.4. Бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишмердүүлүгүнүн милдеттери.**

**КМ-1. Мектепке чейинки билим берүүнүн программалары боюнча балдарды окутуу, өнүктүрүү жана тарбиялоо ишмердүүлүгү.** Мектепке чейинки курактагы балдарды окутуу, өнүктүрүү жана тарбиялоого коюлган максаттарга жетүүнү ишке ашыруу. Балдардын өнүгүүсүнүн билим алуусунун жана тарбия алуусунун деңгээлин баалоонун жана талдоонун негизинде педагогикалык процессти долборлоо, пландаштыруу жана аны ишке ашыруу

**КМ-2. Балдар менен мамиле түзө билүү ишмердиги**. Мектепке чейинки курактагы балдар менен мамиле түзө билүү, алардын жаш жана жекече өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен байкоо жүргүзүүнүн негизинде, алар дуушар болгон кыйынчылыктарды аныктоо жана андан чыгууга жардам берүү;

**КМ-3. Группаларда педагогикалык чөйрөлөрдү түзө билүү**. Мектепке чейинки курактагы балдардын өнүгүүсү үчүн балдардын өмүрүн жана ден соолугун коргоочу максаттуу педагогикалык чөйрөлөрдү түзө билүү;

**КМ-4. Ата-энелер менен иштөө ишмердүүлүгү**. Балдардын үй-бүлөлүк абалы, үй-бүлө тарбиясынын өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен мамиле түзүү аркылуу балдарды бакчадагы педагогикалык процесске ыңгайлаштырууга жетишүү жана ата-энелер менен педагогикалык иштерди алып баруу;

**КМ-5. Психодиагностикалык ишмердүүлүгү**. Түрдүү курактагы балдардын психологиялык өзгөчөлүктөрүнө байкоо жүргүзүүнүн негизинде, алар дуушар болгон кыйынчылык-тарды аныктоо жана андан чыгууга жардам берүү;

**КМ-6. Методикалык ишмердүүлүгү.** Мектепке чейинки курактагы балдардын менен өтүлүүчү предметтер боюнча окутууга зарыл болгон

билим, билгичтик, көндүмдөргө ээ болуу жана окутуунун интерактивдүү ыкмаларын колдоно билүү, өзүнүн билимин өркүндөтүүнүн, өзүн-өзү тарбиялоонун билгич-тиктерине жана ыкмаларына ээ болуу.

**КМ-7. Информациялык технологиялар боюнча ишмердүүлүгү**. Окутуунун техникалык каражаттарын жана компьютердик техниканы колдоно билүү.

**3.5.Бүтүрүүчүлөрдүн билимин улантуу мүмкүнчүлүктөрү.**

Кесиптик орто билим бреүүнүн 050704 - Мектепке чейинки билим берүү адистиги боюнча кесиптик негизги билим берүүнү программасын өздөштүргөн бүтүрүүчү төмөнкүлөргө даяр:

- жогорку кесиптик билим берүүнүн негизги билим берүү программаларын өздөштүрүүгө;

- ылайык келген багыттары жана адистиктери боюнча кыскартылган мөөнөттө жогорку кесиптик билим берүүнүн негизги билим берүү программаларын өздөштүрүүгө.

**3.6. МЧББ адистиги боюнча НКББПны ишке ашырууга карата талаптар.**

**3.6.1. МЧББ адистиги боюнча НКББПны өз алдынча иштеп чыгууга карата талаптар**. КНКББПны даярдоо адистиктерге болгон эмгек рыногунун керектөөлөрүнүн эске алуу менен тийиштүү Мамлекеттик билим берүү стандартынын негизинде иштелип чыгылды.

Окуу жай КББНПны илимдин, маданияттын, экономиканын, техниканын, технологиялардын жана social сoциалдык чөйрөнү өнүгүүсүн эс алып, кесиптик орто окуу жайлары билим берүү сапатынын кепилдигин камсыз кылуу үчүн төмөндөгүлөрдө камтылган сунуш-көрсөтмөлөрдү кармануу менен жыл сайын жаңыланып турат:

- бүтүрүүчүлөрдү даярдоонун сапатын камсыз кылуу боюнча стратегиялардын иштемелеринде;
- билим берүү программаларын мезгил-мезгил менен рецензиялоонун мониторингдеринде;
- так макулдашылган критерийлердин негизинде студенттердин билимдеринин жана билгичтиктеринин, бүтүрүүчүлөрдүн компетенцияларынын деңгээлин баалоонун обьективдүү тартиптеринин иштемелеринде;
- профессордук-окутуучулук курамдын билим сапатын жана компетентүүлүгүн камсыз кылууда;
- бардык ишке аткарылуучу билим берүү программаларын жетиштүү ресурстар менен камсыз кылууда, аларды колдонуунун натыйжалуулугунун көзөмөлдөөдө, мунун ичинде окуп жаткандарды сурап билүү жолу менен;

- өзүнүн ишин (стратегиясын) баалоо жана башка билим берүү мекемелери менен салыштыруу үчүн макулдашылган критерийлер боюнча өзүн-өзү изилдөөнү үзгүлтүксүз жүргүзүүдө;
- коомчулукту өзүнүн изилдөөлөрүнүн жыйынтыктарды, пландары, жаңылоолору тууралуу маалымдоодо.

**3.6.2. Студенттерди жана бүтүрүүчүлөрдү даярдоонун сапатын баалоо.** Студенттерди жана бүтүрүүчүлөрдү даярдоонун сапатын баалоо алардын күндөгү, аралыктык жана жыйынтыктоочу баалоону өзүнө камтыйт. Студенттердин жана бүтүрүүчүлөрдүн жекече жетишкендиктерин тийиштүү КНКББПнын этаптуу жана түпкү талаптарга ылайык келгидей аттестациялоо үчүн баалоочу каражаттардын типтүү тапшырмаларды, текшерүү жумуштарын, тестерди ж.б. камтуучу, билимдерди, билгичтиктерди жана ээ болгон компетенциялардын деңгээлин баалоого мүмкүндүк берүүчү базалары түзүлөт. Баалоочу каражаттардын базаларын кесиптик орто окуу жайлары иштеп чыгат жана бекитет.

Бүтүрүп чыгаруучу квалификация ыйгаруучу иштердин мазмунуна, көлөмүнө жана түзүмүнө карата кесиптик орто окуу жайлары тарабынан белгиленген жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация жөнүндөгү жобого ылайык аныкталат.

**3.6.3. Бүтүрүүчүлөрдүн социалдык – инсандык компетенцияларын калыптандыруу.** НКББПны иштеп чыгууда кесиптик орто окуу жайларынын бүтүрүүчүлөрдүн социалдык – инсандык компетенцияларын (мисалы: социалдык өз ара аракеттенүү компетенцияларын, өзүн-өзү уюштурууну жана системалык ишмердик мүнөздөгү өз алдынча башкарууну) түзүү мүмкүнчүлүктөрү аныкталат. Аталган окуу жайда студенттер үчүн социалдык–маданий чөйрө түзүп, алардын инсандык сапаттарын калыптандырууга жана ар тараптуу өнүгүүсү үчүн зарыл шарттар түзүлөт. Окуу процессинен сырткары социалдык-тарбиялык иштер, студенттик өз алдынча башкарууну өнүктүрүүнүн, студенттик коомдук уюмдардын, спорттук жана чыгармачылык клубдардын ишине активдүү катышуу, студенттик илимий изилдөө иштерин өнүктүрүүгө көмөктөш болот.

**3.6.4. Программаны ишке ашыруудагы студенттердин укук-милдеттери.** Окуу жайда НКББПсы студенттин тандоосу боюнча дициплинанын ар бир дициплиналар циклынын вариативдүү бөлүгүнүн үчтөн биринен кем эмес көлөмүн түзөт. Студенттин каалоосу боюнча дициплиналарды түзүү тартибин окуу жайдын педкеңеши аныктайт.

- Студенттер каалоосу боюнча окуу дициплиналарын өздөштүрүүгө бөлүнгөн окуу убактысынын көлөмүнүн чектеринде КББНПда белгиленген конкреттүү дициплинаны тандап алууга укуктуу.
- НКББПны өздөштүрүүнүн натыйжалуулугун арттыруу максатында студенттер өз алдынча башкарууну өнүктүрүүгө, коомдук уюмдардын,

спорттук жана чыгармачылык клубдардын, илимий студенттик коомдордун ишине катышууга укуктуу.

- Студенттер окуу жайдын НКББПсында алдын ала караган бардык тапшырмаларды белгиленген мөөнөттө аткарууга милдеттүү.

**3.6.5. Студенттердин эс алуусун уюштуруу**. Студенттердин окуу жылындагы эс алуу убактысынын жалпы көлөмү 12 жуманы түзөт, анын ичинде кыш мезгилинде 4 жума, жайкысын 8 жума эс алуу каралган.

## 4. КНКББП ОКУУ ПРОЦЕССИНИН МАЗМУНУН ЖАНА УЮШТУРУУНУ ЖӨНГӨ САЛУУЧУ ДОКУМЕНТТЕР

Мектепке чейинки билим берүү адистиги боюнча негизги жана жумушчу окуу пландары төмөндөгү нормативдик укуктук документтердин негизинде түзүлүп, ОшМУнун ректору тарабынан бекитилген:

1. Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндөгү» закону.
2. Кыргыз Республикасынын Кесиптик орто билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарты.
3. Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министирлигинин нормативдик-методикалык документтери.
4. ОшМУнун Уставы.

### 4.1. МЧББ адистиги боюнча негизги окуу планы

050704 – «Мектепке чейинки билим берүү» адистигинин негизги окуу планы педагогика жана дене тарбия факультетинин базасында 2016-жылы бекитилген.

Негизги жалпы билим берүүнүн базасында окуган студенттер үчүн окуу планында жалпы билим берүүчү цикл берилген. Негизги жалпы билим берүүнүн базасында кесиптик орто билим берүүнүн мамлекеттик стандарты 1-курста жүзөгө ашырылат. Анын базасында мамстандартты жүзөгө ашыруунун мөөнөтү 40 жума, 12 жума каникул. Жалпы билим берүүчү цикл аяктагандан кийин студенттер милдеттүү түрдө 3 сынак тапшырышат: кыргыз тили (орус тили), математика, адабият. Ал эми жалпы орто билим берүүнүн базасында окуган студенттер үчүн жалпы билим берүүчү цикл менен бирге эле кесиптик циклдеги дисциплиналар да камтылган.

### 4.2.МЧББ адистиги боюнча жумушчу окуу планы

Кесиптик орто билим берүүнүн **050704 – Мектепке чейинки билим берүү** адистиги боюнча Мамлекеттик билим берүүнүн стандартында кесиптик орто билим берүүнүн вариативдик бөлүктөрүнө сааттар ажыратылган. Ал сааттар милдеттүү бөлүктөрдүн мазмуну менен аныкталган. Алар адистердин даярдыгын кеңейтүү жана тереңдетүү, атаандаштыкка туруштук берүүнү камсыздоо үчүн зарыл болгон регионалдык эмгек рыногунун талаптарына ылайык кошумча билим,

билгичтиктерди жана копмпетенцияларды алуу максатында пайдаланылган. Вариативдик бөлүктүн сааттары педагогика жана дене тарбия факультетинин кафедраларынын чечимдери менен бөлүштүрүлгөн.

Аларга ылайык окуу планынын «Математикалык жана табигый илимдер» циклине ВК6.3. - «Мектепке чеййинки билим берүүнүн информациялык технологиялары» - 36 саат, кесиптик циклине ВК1.1 – «Дене тарбиясы» дисциплинасы 54 саат, ВК2.1. - «Мектепке чейинки курактагы балдардын кебин өстүрүү» - 90 саат, ВК3.1 - «Логопедия» - 72 саат, ВК3.2 - «Экологиялык билим берүүнүн методикасы» - 90 саат, ВК4.1. - «Мектепке чейиники тарбияны уюштуруу жана башкаруу» - 108 саат өлчөмдөрүндө киргизилген.

050704 – «Мектепке чейинки билим берүү» адистигинин кесиптик билим берүү программасы студенттерди кесипке даярдоонун мазмунун, аны уюштуруунун жана окутунун жыйынтыктарын баалоонун тартиптерин көрсөткөн нормативдик жана методикалык документтердин комплекси болуп эсептелет.

Программа боюнча даярдоонун негизги максаты – даярдыктан жана жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациядан өткөн адис билим берүү мекемелеринин уюштуруу-укуктук формаларына карабастан мектепке чейинки билим берүү уюмдарынын тарбиячысы катары кесиптик ишмердикке даяр болууга тийиш.

**Программа боюнча даярдоо төмөнкү дисциплиналардан турат:**

| Дисциплина | | | | Кред |
|---|---|---|---|---|
| **1-семестр** | | | | **0** |
| 1 | ГК | ОПД | Кыргыз тили | 0 |
| 2 | ГК | ОПД | Кыргыз адабияты | 0 |
| 3 | ГК | ОПД | Орус тили | 0 |
| 4 | ГК | ОПД | Орус адабияты | 0 |
| 5 | ГК | ОПД | Чет тили | 0 |
| 6 | ГК | ОПД | Дүйнө тарыхы | 0 |
| 7 | ГК | ОПД | Математика | 0 |
| 8 | ГК | ОПД | Физика | 0 |
| 9 | ГК | ОПД | Биология | 0 |
| 10 | ГК | ОПД | Химия | 0 |
| 11 | ГК | ОПД | Дене тарбия | 0 |
| 12 | ГК | ОПД | Алгачкы медициналык жардам | 0 |
| **2-семестр** | | | | 0 |
| 1 | ГК | ОПД | Кыргыз тили | 0 |
| 2 | ГК | ОПД | Кыргыз адабияты | 0 |
| 3 | ГК | ОПД | Орус тили | 0 |
| 4 | ГК | ОПД | Чет тили | 0 |
| 5 | ГК | ОПД | Кыргызстандын тарыхы | 0 |

|  |  |  |  |  |
|---|---|---|---|---|
| 6 | ГК | ОПД | Математика | 0 |
| 7 | ГК | ОПД | Физика | 0 |
| 8 | ГК | ОПД | Астрономия | 0 |
| 9 | ГК | ОПД | Химия | 0 |
| 10 | ГК | ОПД | География | 0 |
| 11 | ГК | ОПД | Жаран таануу | 0 |
| 12 | ГК | ОПД | Дене тарбия | 0 |
| 13 | ГК | ОПД | Алгачкы медициналык жардам | 0 |
| **3-семестр** |  |  |  | **30** |
| 1 | ГК | МЕН | Кесиптик математика | 2 |
| 2 | ГК | МЕН | Информатика | 2 |
| 3 | ГК | ОПД | Мектепке чейинки педагогика | 6 |
| 4 | ГК | ОПД | Балдар психологиясы | 6 |
| 5 | ГК | ОПД | Пед.чеберчиликтин негиздери | 4 |
| 6 | ГК | ОПД | Өмүр коопсуздугу | 2 |
| 7 | ВК | ОПД | Дене тарбия | 3 |
| 8 | ГК | ОПД | Мектепке чейинки курактагы балдардын математикалык өнүгүүсүнүнү методикасы | 5 |
| **4-семестр** |  |  |  | **30** |
| 1 | ГК | ГСЭ | Кесиптик орус тили | 3 |
| 2 | ГК | ГСЭ | Кыргызстандын тарыхы | 2 |
| 3 | ГК | ОПД | Балдар адабияты | 5 |
| 4 | ГК | ОПД | Мектепке чейинки курактагы балдардын дене тарбиясынын методикасы | 4 |
| 5 | ГК | ОПД | Мектепке чейинки курактагы балдардын музыкалык өнүгүсүнүн жана алардын музыкалык ишмердүүлүгүн уюштуруунун методикасы | 4 |
| 6 | ГК | ОПД | Көркөм, кол эмгеги жана куруу ишмердүүлүгү боюнча практикум; | 5 |
| 7 | ВК | ОПД | Мектепке чейинки курактагы балдардын кебин өстүрүү; | 5 |
| 8 |  |  | Кыргызстан тарыхы боюнча МА | 2 |
| **5-семестр** |  |  |  | **30** |
| 1 | ГК | ГСЭ | Кесиптик кыргыз тили | 3 |
| 2 | ГК | ГСЭ | Кесиптик чет тили | 2 |
| 3 | ГК | ГСЭ | Манас таануу | 2 |
| 4 | ГК | ОПД | Дүйнөлүк көркөм маданият жана ритмика; | 4 |
| 5 | ГК | ОПД | ИЗО. Балдардын көркөм чыгармачылыгын өнүктүрүүнүн методикасы; | 4 |
| 6 | ВК | ОПД | Балдарга экологиялык билим берүүнүн методикасы; | 5 |
| 7 | ВК | ОПД | Логопедия | 4 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 8 | | | Окуу практикасы | 6 |
| **6-семестр** | | | | **30** |
| 1 | ГК | ГСЕ | Философия | 2 |
| 2 | ГК | МЕН | Экологиянын негиздери | 2 |
| 3 | ВК | МЕН | Мектепке чейинки билим берүүнүн информациялык технологиялары | 2 |
| 4 | ГК | ОПД | Жаш курактык анатомия, физиология и гииена; | 3 |
| 5 | ВК | ОПД | Мектепке чейинки тарбияны уюштуруу жана башкаруу; | 6 |
| 6 | ГК | ОПД | Атайын психологиянын жана атайын педагогиканын негиздери; | 3 |
| 7 | | | Мамлекеттик практика | 6 |
| 8 | | | Жалпы кесиптик дисциплиналар боюнча комплекстүү экзамен | 6 |
| **Бардыгы** | | | | **120** |

**4.3. Окуу процессинин календардык графиги.**

Дисциплиналардын ар бир циклы базалык (милдеттүү түрдө) 80% жана вариативдик бөлүккө 20% ээ болот. Вариативдүү бөлүк базалык дисциплиналардын мазмуну менен аныкталуучу билимдерди, билгичтиктерди жана көндүмдөрдү кеңейтүүгө жана тереңдетүүгө мүмкүндүк берет. Вариативдүү бөлүктү кесиптик билим берүү программасынын спецификасынын негизинде түзөт.

**Программаны өздөштүрүүнүн нормативдик мөөнөтү:**

- орто жалпы билим берүүнүн базасында: аудиториялык сабактар -1800; СӨАИ – 2520; бардыгы 4320 саат (120 кредит);
- негизги жалпы билим берүү базасында аудиториялык сабактар – 1800; СӨАИ – 2520; бардыгы 4320 саат (120 кредит);

## 5. ПРАКТИКАЛАРДЫН ПРОГРАММАСЫНЫН АННОТАЦИЯСЫ

### 5.1. Таанышуу практикасынын жумушчу программасынын аннотациясы

**5.1.1. Программанын колдонуу чөйрөсү**

Практиканын жумушчу программасы ОКББнын Мамстандартына ылайык **050709 Мектепке чейинки билим берүү** адистиги боюнча орто кесиптик билим берүү программасынын бөлүгү болуп эсептелет.

**5.1.2. Таанышуу практикасынын максаттары жана милдеттери:**

Таанышуу практикасы болочок бала бакчанын тарбиячысынын практикалык даярдыгынын системасынын алгачкы звеносу болуп эсептелет жана ал студенттин педагогикалык ишмердиктин бардык чөйрөсүн ар тараптуу өздөштүрүүгө багытталган.

**5.1.3. Таанышуу практикасын өздөштүрүүгө сунушталган убакыт**
ОП.1. 36 саат.
**5.1.4 Практиканы өткөрүүнүн жайы жана убактысы**
ОП.1 Таанышуу практикасы 3-курста 5-семестрде шаардын жана шаарга жакын жайланышкан мектептерде 1 жума өткөрүлөт.
**5.1.5. Көзөмөлдөөнүн формасы.**
Дифференцирленген баалоо.

**3.5. Практикалардын аннотациясы**

Практика КНКББПнын милдеттүү бөлүмү болуп саналат. Ал студенттердин практикага багытталган даярдыгын камсыз кылган окуу сабактарынын бир түрү болуп эсептелет. ОКБ КНКББПны ишке ашырууда практиканын төмөнкү түрлөрү каралган:

- *окуу практикасы (4 жума)* 2 кредит;
- *мамлекеттик-педагогкиалык практика* (4 жума) 2 кредит.

Практиканын бардык түрлөрү студенттердин кесиптик компетенцияларды өздөштүрүү учурунда билим берүү мекемеси тарабынан өткөрүлөт да, же чогултулган түрдө бир нече этап формасында, же чачыранды түрдө, теориялык сабактар менен айкалыштырылып жүргүзүлүшү мүмкүн. Практиканын ар бир түрүнүн максат, милдеттери, программасы жана отчеттуулук формасы билим берүү мекемеси тарабынан аныкталат. Практика шаардагы мектепке чейинки билим берүү уюмдарында алдын ала түзүлгөн келишим боюнча ишке ашат. Практиканын жыйынтыгы боюнча аттестация тиешелүү мекемелердин документтери менен тастыкталган натыйжалардын негизинде жүргүзүлөт.

**Практиканы уюштуруу жана өткөрүүнүн милдеттери болуп төмөнкүлөр эсептелет:**

- студенттин теориялык билимдерди тереңдетүү жана бекемдөө, аларды практикада колдонуу;
- студенттерде педагогикалык билгичтиктерди жана көндүмдөрдү, педагогикалык аң-сезимди жана кесиптик жактан маанилүү инсандык сапаттарды калыптандыруу жана өнүктүрүү;
- студенттердин кесиптик маданиятын өнүктүрүү;
- студенттерде чыгармачылык ой жүгүртүүнү, кесиптик ишмердиктин жекече стилин калыптандыруу;
- аларда педагогикалык өз алдынча билим алууга карата жана тынымсыз өзүн өзү өркүндөтүүгө карата керектөөнү өнүктүрүү;
- студенттердин мектепке чейинки курактагы балдардын тарбиячысы кесибине жарамдуулугун диагноздоо;
- аларга мектепке чейинки мекемелердеги окутуу-тарбиялоо ишинин азыркы абалын, алдыңкы педагогикалык тажрыйбаны үйрөнүү.

**НКББПны иштеп чыккандар:**

| № | Аты-жөнү | Кызматы | Кызмат орду |
|---|---|---|---|
| 1 | Умурбекова Т.А. | Программанын жетекчиси | ОКББ ПП кафедрасынын башчысы, п.и.к., доцент |
| 2 | Абдураимова З.С. | Программанын мүчөсү | ОКББ ПП кафедрасынын доценти |
| 3 | Джаркинбаева А.Т. | Программанын мүчөсү | ОКББ ПП кафедрасынын окутуучусу |
| 4 | Талай кызы Үмүт | Программанын мүчөсү | ОКББ ПП кафедрасынын окутуучусу |
| 5 | Шакиров К.А. | Программанын мүчөсү | ОКББ ТМ кафедрасынын доценти |
| 6 | Айдарова С.К. | Иш берүүчү | Ош шаардык билим берүү башкармалыгынын МЧББ боюнча башкы адиси |
| 7 | Тургунбаева Н. | Ата-эне | Ош шаары. |

**Эксперттер:**

| **№** | **Аты-жөнү** | **Кызматы** |
|---|---|---|
| **1.** | **Муратбаев Б.Б.** | Башталгыч билим берүүнүн педагогикасы жана психологиясы кафедрасынын доценти, п.и.к. |
| **2.** | **Кудайкулова Ж.А.** | Ош билим берүү институтунун мектепке чейинки бөлүмүнүн башчысы |